КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН ИЛИМ, ЖОГОРКУ БИЛИМ БЕРҮҮ ЖАНА ИННОВАЦИЯЛАР МИНИСТРЛИГИ


ОШ МАМЛЕКЕТТИК УНИВЕРСИТЕТИ

МАТЕМАТИКА, ФИЗИКА, ТЕХНИКА ЖАНА ИНФОРМАЦИЯЛЫК ТЕХНОЛОГИЯЛАР ИНСТИТУТУ

ЭКСПЕРИМЕНТАЛДЫК ЖАНА ТЕОРИЯЛЫК ФИЗИКА КАФЕДРАСЫНЫН

# ПАСПОРТУ

Ош-2026


1965
ЭТФ

## ЭКСПЕРИМЕНТАЛДЫК ЖАНА ТЕОРИЯЛЫК ФИЗИКА КАФЕДРАСЫНЫН

# ПАСПОРТУ



Кафедранын жамааты

Ош-2026

## Эксперименталдык жана теориялык физика кафедрасынын тарыхы

Эксперименталдык жана теориялык физика (ЭТФ) кафедрасы, 1965-жылы уюштурулган. Уюштурулган күндөн тартып 1985-жылга чейин кафедраны доцент Заитов Ф.Н., андан кийин Эгембердиев Ж. (1985-, Арапов Б.А., Усаров А.С. жетектешкен. 2021-жылга чейин КР дин илимине эмгек сиңирген ишмер, Россия федерациясынын табият тануу академиясынын мүчө корреспонденти, ф.-м.и.д., профессор Арапов Б.А. жетектеген. 2021-жылдан бери кафедраны физика-математика илимдеринин кандидаты, доцент Маралбек Чотоевич Осконбаев жетектөөдө.



ЭТФ кафедрасынын башчысы, физика-математика илимдеринин кандидаты, доцент Маралбек Чотоевич Осконбаев

ЭТФ кафедрасынын профессор-окутуучулук жамааты физика, энергетика, техника жана табигий илимдердеги адистиктер үчүн теориялык физика (классикалык механика, электродинамика, кванттык механика, статистикалык физика жана термодинамика), электротехника, астрономия жана тандоо курстарына байланышкан предметтер боюнча лекциялык, практикалык жана лабораториялык сабактарды өткөрүшөт. Ошондой эле кафедрага тиешелүү магистрлер менен PhD докторанттар үчүн конденсацияланган заттардын физикасы багытындагы предметтерден лекциялык, практикалык, лабораториялык жана семинардык сабактарды өтүшөт.

Билим берүүнүн сапатын жогорулатуу үчүн кафедранын жалпы жамааты көп жумуштарды аткарып жатышат. Окуу предметтеринен электрондук версиясындагы китептери (Б. Арапов, Т. Арапов- “Кванттык механика”, А.С. Усаров- “Электродинамика”, Б. Арапов, Т. Арапов- “Кванттык механика”, А.С. Усаров, Э. Турмашев- “Криогендик жана вакуумдук техника”, А.Миңбаева- “Астрономия”, “Астрофизика”, “Астрономия боюнча лабораториялык жумуштар” ага мисал болот. Акыркы жылдары бакалавр багытындагы студенттер үчүн жана мектеп мугалимдери үчүн “Астрономия боюнча практикум” аталышындагы окуу куралы билим берүү министрлигинин грифи менен басмадан чыккан. Ошондой эле физик-студенттер, физик-мугалимдер үчүн “Лирикадагы физика” аталышындагы китеби жарык көргөн. Эл аралык медицина факультетинде окуган медицина багытындагы студенттер үчүн М.Ч.Осконбаев, А.Ы.Курбаналиев, Ч.М.Алиева “Виртуальная лаборатория по общему курсу физики” аталышындагы окуу куралы билим берүү министрлигинин грифи менен басмадан чыккан.

ЭТФ кафедрасынын алдында Кыргызстанга жана чет мамлекеттерге белгилүү болгон кафедралар аралык окуу-илимий борбору түзүлгөн. Бул илимий борбордо окутуучулар илимий иштерин аткарышып кандидаттык жана докторлук диссертацияларын даярдашса, студенттер, магистранттар

жана PhD докторанттар квалификациялык жана диссертациялык иштерин аткарышат.




2012-жылы ЭТФ кафедрасы билим берүүдөгү жана илимий иштериндеги ийгиликтери үчүн РАЕ нин "Золотая кафедра Росии" дипломун алган.

## Кафедралар аралык окуу- илимий борбору.

Илимий лаборатория 1960-жылы ОшПИ де алгачкы илимий лаборатория жана илимий семинар ф.-м.и.к., доценттер Ф.Н.Заитов жана Ю.Л.Луканцевер тарабынан уюштурулган жана илимий иштерге факультеттин мугалимдери (В.И.Сидляренко, В.П.Черненко, Е.С.Дударев, Р.Н.Халиуллин, С.Абдиев ж.б) жана студенттери (Б.Арапов, Р.Муминов, А.Алтымышов, О.Мурзабаев ж.б) тартылган. Лабораториянын илимий темасы СССР Илимдер Академиясынын алдындагы эки илимий кеңештен ("Люминесценция жана анын эл чарбасында колдонуу" жана "Катуу заттардын радиациялык физикасы") конкурстук негизде каттоодон өткөн.



2008-жылы лаборатория кафедралар аралык окуу-илимий борбору болуп кайрадан түзүлгөн жана аны ф.-м.и.д., профессор Б.Арапов жетектеген. Азыркы мезгилге чейин окуу илимий борбордо илимий иштерин аткарышып, 5 кызматкер докторлук диссертациясын жана 22 кызматкер кандидаттык диссертацияларын ийгиликтүү коргошту. Илимий кадрларды даярдоону үч этапка бөлүп кароого болот.

1. Ф.Н.Заитов жана Ю.Л.Луканцевердин жетекчилиги менен лабораторияда илимий изилдөөлөрдү жүргүзүшүп, В.И.Сидляренко (1968), Е.С.Дударев (1969), Б.Арапов (1971), Р.Муминов (1973) жана Исмаилов Ш. (1979) кандидаттык диссертацияларын коргошту.

2. Кыргыз Мамлекеттик Университеттин “Катуу заттардын физикасы”кафедрасынын (каф.башчы проф.Тузов Л.В) жана Эстон илимдер Академиясынын физика институнун (академик Ч.Б.Лущик) жардамы менен көптөгөн кадрлар даярдалды (Луканцевер Н.Л.-1975, Эгембердиев Ж.-1980, Таиров М.-1983, Осмоналиев К-1987, Абдрахманов М-1991, Исаилов К-1992, Усаров А.С-1994).

3. Акыркы жылдарда проф. Б.Араповдун жетекчилиги менен илимий лабораториянын материалдык базасы бир топ чыңдалып, жаңы изилдөө

методдор өздөштүрүлдү. Анын жетекчилиги менен докторлук (Осмоналиев К.-1999, Таиров М.-2001, Ташполотов Ы.-2004, Кенжаев И.Г.-2009) жана кандидаттык (Өскөнбаев М.-1996, Авилов А.-2000, Алтымышов А.-2003, Арапов Т.-2004, Кадыров К.-2005, Өмүрбекова Г.К.-2008, Садырова М.М.-2009, Кошуев А.-2011, Ташкулов К.-2011, Каденова Б.-2014, Орозбаева А.А.-2021) диссертациялар корголду.

Илимий лабораториянын базасында 4 эл аралык илимий конференция өткөрүлүп, изилдөө иштеринин жыйынтыктары эл аралык союздук, республикалык жана регионалдык илимий конференцияларда талкууланып, чет өлкөлүк жана республикалык илимий журналдарда 500 дөн ашуун илимий макалалар, 8 илимий монография жарыкка чыгып, 15 патент 13 автордук күбөлүк алынган.

Азыркы мезгилде 2000-жылдан 2025-жылдарга чейин 01.04.07. шифрдеги “Конденсацияланган заттардын физикасы”, 01.01.02. шифрдеги “Дифференциалдык теңдемелер, динамикалык системалар жана оптималдык башкаруу” жана 01.01.04 шифрдеги “Геометрия жана топология” адистиктери ОшМУ, Кыргыз Улуттук Илимдер Академиясынын түштүк бөлүмү жана Жала-Абад мамлекеттик университети менен бирге адистешкен диссертациялык Кеңеш иштеди. Ал лимий кеңешке профессор Б.Арапов, профессор Ы.Ташполотов, доцент Э.Садыков жана доцент М.Осконбаев ошол адистешкен кеңеште мүчө эмгектеништи. Азыркы мезгилде Өзбек Республикасынын Фергана техникалык университетинде 01.04.07 – конденсацияланган заттардын физикасы адистиги боюнча PhD докторлук диссертация коргоочу адистешкен диссертациялык кеңешке ЭТФ кафедрасынын профессору, физика-математика илимдеринин кандидаты, профессор Ысламидин Ташполотов жана ЭТФ кафедрасынын башчысы, физика-математика илимдеринин кандидаты, доцент Маралбек Чотоевич Осконбаевдер чет элдик диссертациялык кеңештин мүчөлөрү болуп иштешет.

2014-жылы тартып кафедрада 510400 - “Физика” багытында магистратура ачылды. Бул багытка тапшырган магистрлер өздөрүнүн илимий жетекчилеринин жардамы менен бир топ илимий статьяларды республикалык жана чет элдик басылмаларда жарыялашып, көптөгөн илимий семинар жана конференцияларда докладдарды жасашты.



2026-жылы магистратураны аяктоочу магистрлер



Квалификациялык жумуштарды коргоодон кийинки учур

# Кафедра тарабынан даярдалган адистер

ЭТФ кафедрасы бакалавр-магистр-докторантура баскычтарын даярдаган окуу жайдагы алдыңкы кафедралардын бири. 550200 “Физика-математикалык билим берүү” багытынын “Физика” профилиндеги бакалаврлар, 510400 “Физика” багытындагы магистр жана PhD докторантура баскычтары даярдалат. 2014-жылдан бери 510400 “Физика” багытындагы магистрлер үзгүлтүксүз даярдалып 2 жолу эл аралык НААР агентигинен аккредитациядан өтүү менен НААР өткөргөн рейтингде бул багыт ар дайым 1-орунду ээлеп келет. Ал эми 2022-жылы ОшМУда биринчилерден болуп 510400 “Физика” багытында PhD докторантура ачылган жана 2024-2025-окуу жылында 5 жылга эл аралык аккредитациядан ийгиликтүү өттү. Бир PhD докторант окуусун ийгиликтүү аяктап коргоо алдында турат, ал эми 4 докторант окууларын улантууда.

# Кафедранын илимий изилдөө иштери

ЭТФ кафедрасында конденсацияланган заттардын физикасы, композиттик материалдар  жана катуу телолордун физикасы менен теориялык физиканы окутуунун заманбап ыкмаларына арналган багыттардагы илимий изилдөө иштери жүргүзүлөт. Акыркы 2020-2026- жылдарда  кафедранын окумуштуулары тарабынан 200 дөн ашык илимий макалалар, 9 илимий макала СКОПУС базасынан жарык көрдү. Ошондой эле 40 ашык автордук күбөлүк жана патенттер алынган. 2024-2026-жылдар үчүн ОшМУнун ички гранты боюнча, кафедранын профессору Ы.Ташполотов 10 000 000 сомдук “**Создание композиционных наноструктурных материалов на основе базальтовых горных пород для теплоэнергетики и строительной индустрии”** –деген аталыштагы грантты аткарып жатат. Эл аралык, республикалык жана регионалдык илимий конференцияларга активдүү катышуу менен профессор Ы.Ташполотов жана доцент М.Ч.Осконбаев Фергана техникалык университети уюштурган эл аралык илимий конференциянын программалык комитетинин мүчөлөрү катары катышып, илимий баяндамаларды жасашты. Кафедрада PhD докторлук багытталгандан бери, докторантардын экинчи илимий жетекчилери катары, Фергана техникалык университетинин профессору, физика-математика илимдеринин доктору, профессор Носиржан Хайдарович Юлдашов жана Андижан мамлекеттик университетинин физика кафедрасынын профессору, техника илимдеринин доктору, профессор Раимжон Алиев дагы доктoранттар менен биргеликте илилмй иштерин жургузүшүүдө.

# Кафедранын курамы

| № | Ф.А.А | Ээлеген кызматы | Туулган жылы, айы | Эмгек стажы |
|---|---|---|---|---|
| 1 | Өскөнбаев Маралбек Чотонович | Каф.башч, ф.-м.и.к доцент | 15.03.1959 | 44 |
| 2 | Ташполотов Ысламидин | ф.-м.и.д., профессор | 26.06.1954 | 48 |
| 3 | Садыков Эркинбай | т.и.к доцент | 21.04.1956 | 46 |
| 5 | Жапаркулов Асилбек Маматович | улук окутуучу | 01.02.1970 | 23 |
| 6 | Орозбаева Айнагул Асланбековна | ф.-м.и.к улук окутуучу | 12.02.1985 | 17 |
| 7 | Жалалова Канышай | лаборатория башчы | 12.08.1990 | 3 |
| 8 | Урмат кызы Жылдыз | Окуу мастери | 10.09.2003 | 3 |
| 9 | Сайфуло кызы Уулжан | Лаборант | 06.12.2003 | - |
| 10 | Жолдошова Эльвира | Лаборант | 30.08.2004 | - |

| Эл.дареги | тел.номери | Шаардагы дареги |
|---|---|---|
| moskonbaev@oshsu.kg | (0772) 29-60-54 | Молдо Нияз көчөсү үй №148 |
| Itashpolotov@oshsu.kg | 0555260554 | Тилеке Баатыр көчөсү үй № 6,кв.11 |
| esadykov@oshsu.kg | 0555865756 | мкр.Анар дом 7 кв.57 |
| ajaparkulov@oshsu.kg | (0773) 42-06-74 | Салиева 34/48 |
| aorozbaeva@oshsu.kg | (0772)494965 | Авиценна 20а/23 |
| Kanul2015@gmail.com | (0225)272730 | Моторная 2а/3 |
| Jyldyzkalmamatova.11@gmail.com | (0770)763939 | Касымова 309 |
| Uuljansaipikyzy3@mail.ru | (707)010402 | С.Ибраимов 1/11 |
| Joldoshovaelvira8@gmail.com | (997)898970 | Араван району, Гүлбаар айылы |

# ЭТФ кафедрасынын окутуучулук курамы

| Сүрөтү | Аты-жөнү | Кызматы |
|---|---|---|
|  | Осконбаев Маралбек Чотоевич | Ф.-м.и.к., доцент, кафедра башчы |
|  | Ташполотов Ысламидин | Ф.-м.и.д., профессор |
|  | Садыков Эркинбай | Т.и.к., доцент |
|  | Жапаркулов Асылбек Маматович | Ага окутуучу |
|  | Орозбаева Айнагүл Асланбековна | Ф.-м.и.к., улук окутуучу |

# Материалдык-техникалык базасы

Ф.Н.Заитов жана Ю.Л.Луканцевер атындагы кафедралар аралык окуу-илимий борборунда кафедранын окумуштууларынын жетекчилигинде студенттер, магистранттар жана PhD докторанттар квалификациялык жана докторлук диссертацияларын аткарышат. Кафедрага тиешелүү магистрлер менен PhD докторанттар конденсацияланган заттардын физикасы багытында өндүрүштүк, илим изилдөө жана илимий-педагогикалык практикаларын да кафедралар аралык илимий борбордон өтүшөт.



**Электротехника, электроника жана контролдук өлчөөчү приборлор лабораториясы (206-ауд.)**



**Катуу телолордун физикасы лабораториясы (212-ауд.)**



**Мультимедиалык лекциялык каана (209-ауд)**




**Илимий окуу борбору (211-ауд)**



**Астрономия жана астрофизика лабораториясы (215-ауд)**



**Проф.Б.Арапов атындагы лекциялык каана (210-ауд)**